**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**
**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**
**ТАМГА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**
**ТАМГИНСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

---

Эл депутаттарынын Тамга айылдык Кеңешинин XXVIII
чакырылышынын ___ кезексиз сессиясынын

«24» май 2022-жыл. №22 Тамга айылы

# Т О К Т О М У

**“Тамга айылдык аймагынын Тамга айылындагы “Жанек коргон” участогундагы тарыхый көрүстөнгө жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө”**

Тамга айылдык аймагынын Тамга айылынын эки чоң уруу элдеринин кайрылуусунун негизинде Тамга айылындагы “Жанек коргон” участогундагы тарыхый көрүстөндүн жанындагы жерден көрүстөн үчүн жер тилкесин бөлүп берүү максатында, Тамга айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

**1.** Тамга айылдык аймагынын Тамга айылынын эки чоң уруу элдеринин кайрылуусунун негизинде Тамга айылындагы “Жанек коргон” участогундагы тарыхый көрүстөндүн жанындагы жерден көрүстөн үчүн жана тарыхый көрүстөндү сактоо максатында Тамга айыл өкмөтүнүн жер пайдалануу картасынын №1166-контурунан 0,45 га өлчөмүндө бөлүнүп берилсин.

**2.** Бөлүнүп берилген жер тилкесинин максаттуу пайдаланылышын жана башка максатта пайдаланууга берилип кетпөөсүн көзөмөлдөө жагы Тамга айыл өкмөтүнүн башчысы А.К.Дуйшембиевге милдеттендирилсин.

**3.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Тамга айылдык**
**кеңешинин төрагасы:** **А.А.Букаров.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**
**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**
**ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТАМГИНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

Эл депутаттарынын Тамга айылдык Кеңешинин XXVIII
чакырылышынын XII -сессиясы

# ТОКТОМ

2022-жылдын 2-Апрелиндеги № 16 Тамга айылы

**Тамга айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Типтүү жобону бекитүү жөнүндө**

Тамга айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби тууралуу айылдык кеңешинин депутаттары карап жана талкуулап чыгып, Тамга айылдык кеңешинин сессиясы токтом кылат:

1.Тамга айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби тууралуу өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Типтүү жобосу бекитилсин (жобо тиркелет).

2. Типтүү жобонун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.К.Дуйшембиевге жүктөлсүн.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

Төрагасы: А.Букаров